# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ
# ГОДОВОЙ ОТЧЕТ
# ANNUAL REPORT

КЫРГЫЗПАТЕНТ

1996

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЛДЫНДАГЫ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТСТВОСУ
STATE AGENCY OF INTELLECTUAL PROPERTY OF THE KYRGYZ REPUBLIC
ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ СОБСТВЕННОСТИ ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
(КЫРГЫЗПАТЕНТ)

КЫРГЫЗПАТЕНТ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ
# ГОДОВОЙ ОТЧЕТ
# ANNUAL REPORT

# 1996

БИШКЕК 1997

© Текст, Кыргызпатент, 1997 г.
© Перевод на кыргызский, английский,
Кыргызпатент, 1997 г.

Орищнал-макет издания подготовлен Кыршзпатентом. Отпечатано в инновационном центре "Табылга" при Кыргызпатенте. Тираж 150 экз.
г. Бишкек, ул. Исанова, 87. Тел. 21-23-18. 21-48-92, 21-48-87, 21-39-63
Факс: (996 3312) 21-48-92, 62-07-97
Электронная почта: oms@imfiko.bislikek.su, ro@imfiko.bislikek.su
Банковские реквизиты: 1. В национальной валюте - РОК-1 Первомайского р-на
Кыргызпатент
АГБ "Бишкек" г. Бишкек
Р/с 000090105/201802452 Код
330107755
2. В иностранной валюте - Р/счет 001070583 в АГБ "Бишкек" г. Бишкек
код МФО 330107755
3. В валютах стран СНГ - Р/счет 801070783 в АГБ "Бишкек" г. Бишкек
код МФО 330107755
Адрес банка 720300, г. Бишкек,
Токтогула, 187

## *Мазмуну*


1. Кириш сөз (Кыргызпатенттин директорунун кириш сезу) ........................ 5

2. Интеллектуалдык менчиктин объектилерин
коргоонун нормативдик-укуктук базасы........................................................ 9

3. Өнөр жай объектилерин экспертизадан жана
каттоодон өткөрүү ......................................................................................... 12

3.1. Ойлоп табуулар........................................................................................ 13

3.2. Товардык белгилер.................................................................................. 17

3.3. Пайдалуу моделдер ................................................................................. 21

3.4. Өнөр жай үлгүлөрү.................................................................................. 22

4. Лицензиялык келишимдерди экспертизадан өткөрүү жана каттоо......... 23

5. Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин каттоо......... 25

6. Патент-маалымат ишмердүүлүгү............................................................. 27

7. Автоматгаштыруу жана компьютерлештирүү........................................... 29

8. Патенттик-маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн инновациялык борбору
"Табылга"....................................................................................................... 30

9. Эл аралык кызматташтык.
өнөр жай менчиги боюнча адистерди даярдоо
жана алардын квалификациясын жогорулатуу............................................. 31

Кириш сөз



1996-жыл Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчикти коргоо системасынын андан ары калыптануу жылы болду. Кыргызпатент ведомствосуна 1996-жылдын мартында автордук укук жана чектеш укуктар объектилери боюнча башкаруу функциялары өткөрүлүп берилип, ал Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентствосуна өзгөртүлүп түзүлдү. Ошентип, Кыргызпатент ошол убактан бери Мамлекеттик агентство катары интеллектуалдык менчиктин улуттук ведомствосунун функциясын аткарууда.

Структуралык планда Кыргызпатентте белгилуу өзгөрүүлөр болду:

- үч башкарма - экспертиза, автордук укукту жана чектеш укуктарды коргоо жана маалымат башкармалары түзүлдү;
- ведомствонун алдында патенттик-маалыматтык кызмат корсотүүлордүн инновациялык борбору "Табылга" мекемеси түзүлдү.

Нормативдик-укуктук жактан интеллектуалдык менчикти коргоону камсыз кылууга чоң көңүл бурулду. Интеллектуалдык менчик укуктардын соода аспектилери боюнча келишимдин чегинде (TRIPS) Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (БДСУ) талабын канааттандырган мыйзамдардын долбоорлоруна киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор Парламентке берилди.

Бул өзгөрүүлөр жана толуктоолор төмөнкү мыйзамдардын долбоорлоруна тийиштүү:

- патент мыйзамы;
- товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлардын чыккан жерлеринин аталыштары жөнүндөгү мыйзам;
- автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндөгү мыйзам;

- ЭЭМ үчүн программаларды жана маалымат базаларын укуктук жактан коргоо жөнүндөгү мыйзам;
- интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук жактан коргоо жөнүндөгү мыйзам.

Автордук укук жана чектеш укукгар чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуу үчүн "Автордук укук жана чекгеш укуктар жөнүндөгү Убактылуу Жобо" иштелип чыкты (Өкмөттүн № 91 токтому менен 1997-жылдын 20-февралында бекитилген).

Кыргыз Республикасында фирмалык аталыштарды өнөр жай менчигинин объектилери катары каттоону киргизүү белгиленген, ошол себептүү "Фирмалык аталыштар жөнүндөгү Жобо" иштелип чыгып, ал Өкмөткө кароого берилди.

1996-жылдын ичинде Кыргызпатентке ойлоп табууга бардыгы 268 өтүнмө келип түшкөн, алардын 16сы чет элдик өтүнмө ээлеринен түз жиберүү боюнча жана 126 өтүнмө РСТ процедурасынын улуттук фазасы боюнча, б.а. бүтүндөй 53 %ин чет элдик өтүнмөлөр түзөт.

Мамреестрге 125 ойлоп табуу катталган, алардын ичинен 69 патент, 56 алдын ала патент.

Товардык белгилер боюнча улуттук процедура менен бардыгы 523 өтүнмө жиберилген, алардын ичинен 455 чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен, ошонун ичинде 8 КМШ өлкөлөрүнөн (87 % чет өлкөлүк); Мадрид Келишими боюнча 1755 өтүнмө келип түштү.

Мамреестрге 1075 товардык белги катталды, алардын ичинен 1015 белги чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен (94 % чет өлкөлүк). өтүнмөлөрдүн улуттук бөлүгүнүн өсүү тенденциясы байкалууда.

Лицензиялык келишимдер боюнча 33 өтүнмө келип түштү, алардын 30 келишими экспертизадан жана каттоодон өттү, алардын ичинен 25 чет өлкөлүк өнөктөр ортолорундагы келишимдер (83 %).

1996-жылы Кыргыз Республикасынын биринчи патенттерин, алдын ала патенттерин жана күбөлүктөрүн берүү башталды (1996-жылдын 28-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин коргоо документтерди биринчи салтанаттуу тапшыруусу болуп өттү).

Патенттик фондуну комплекттөө жүргүзүлдү, ойлоп табууга 210 патент жана алдын ала патент, 2100 товардык белги, 30 лицензиялык келишим жөнүндө маалы-

мат жарыяланган "Интеллектуалдык менчик" аттуу бюллетендин 4 расмий (офидиалдуу) саны чыгарылды.

1996- жылы Кыргызпатентте илимий-методикалык журналдар, патенттик- маалымат адабияты, жылдык отчеттор жана дүйнөнүн кеп өлкөлөрүнүн патенттик ведомстволорунун расмий бюллетендери менен комплекттелүүчү китепканасы иштей баштады.

Автордук укук жана чектеш укуктар чөйрөсүндөгү иш-аракет "Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө Убактылуу Жобону" иштеп чыгууга, автордук сый акыны чогултууга жана төлөп берүүгө багытталды. Өз эрки менен адабият, искусство жана илимдин 12 чыгармасы катталды.

1997- жылдын 1-январындагы абал боюнча 1300ден ашык чыгарма катталган, ошонун ичинде 200 гө жакыны чет элдик авторлордун чыгармалары.

Отчеттук мезгилдин ичинде ведомствону автоматташтыруу жана компьютерлештирүү боюнча бир катар иштер жүргүзүлдү, атап айтканда, Windows NT сервердин башкаруусу астында бир рангалуу түйүнгө бириктирилген персоналдык компьютерлер паркы 32 бирдикке көбөйдү, Интернет түйүнүнө мүмкүндүк алынды, электрондук почта системасы пайдаланылып жатат.

Кадрларды даярдоого жана алардын квалификациясын жогорулатууга чоң кеңүл бурулду. Кыргызпатенттин көп кызматкерлери Россиянын интеллектуалдык менчик институтунда патент таануу адистиги боюнча сырттан окуп жатышат, төртөө 1996-жылы окууну бүтүрүштү (алардын бирөө күндүзгүнү бүттү). Кызматкерлердин бир бөлүгүн тийиштүү университеттерде жана институттарда укук жаатындагы кадрлардын квалификациясын жогорулатуу факультеттеринде сырттан окутуу жүргүзүлүп жатат. Квалификацияны жогорулатуунун формасы катары кызматкерлердин Республиканын өзүндө, КМШ өлкөлөрүндө жана алыскы чет өлкөлөрдө семинарларга катышуулары, стажировкада болуулары колдонулат.

Кыргызпатент өзүнүн ишинде Эл аралык кызматташтыкка, айрыкча Интеллектуалдык менчик боюнча Бүткүл дүйнөлүк уюм (ИМБДУ) менен болгон кызматташтыкка өзгөчө зор маани берет. Кыргызпатенттин кызматкерлери ИМБДУнун көп семинарларына, анын органдарынын сессияларына катышат.

Кырызпатент ИМБДУнун Координациялык туруктуу Аткаруу Комитетинде Онөр жай менчигинин Маалыматтары (PCIPI) боюнча Кыргыз Республикасын өкүлдөйт.

Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун коргоо боюнча Эл аралык Союз менен кызматташууга чон көнүл бурулат, алсак, 1996-жылы Кыргызпатент UPOV менен бирге эки Улуттук семинар: 28 - 29-майда, 11 - 16-ноябрде UPOVнын Вице- генералдык секретары, мырза Б. Гринграсстын катышуусунда "Өсүмдүктөрдүн жаны сортторун коргоо" деген темада Эл аралык семинарды уюштурду.

Кыргызпатент, Европалык патент ведомствосунан (ЕПВ) да жардам алат, атап айтканда, адистерди тил боюнча даярдоодо; семинарларга, симпозиумдарга жана ЕПВ нин окутуу курстарына катышат.

Эки тараптуу келишимдин негизинде КМШ өлкөлөрүнүн автордук укук жана патент боюнча ведомстволору, ошондой эле өнөр жай менчигин коргоо боюнча Мамлекет аралык кецештин чегинде жана Евразиялык патент уюму (ЕАПУ) менен (Кыргызстан 1996-жыддын 13-январынан баштап ЕАПУга мүчө кызматташуу жүрүп жатат.

Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Мамлекет аралык Кеңештин чогулушунда (1996-жыл 11 - 12-июнь) Кыргызпатенттин директору ушул Кеңештин орун басары болуп шайланды.

1996-жылы Кыргызпатент тарабынан ойлоп табуучулуктун ишмердүүлүгүн өбөлгөлөө үчүн "Ойлоп табуучулуктун ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү жумуштардын жакшы жыйынтыктарына" деген Республикалык биринчи конкурс уюштурулган, анын жыйынтыгы 1996-жылдын декабрында чыгарылды. Конкурстун жыйынтыгы боюнча женүүчүлөргө диплом жана акчалай сыйлык белгиленди. Ушул сыяктуу конкурсту жылына ыраттуу түрдө 2 жолу өткөрүп туруу кабыл алынды.

Интеллектуалдык менчикти коргоо системасынын өнүгүшү жаңы Кыргызстандын кайра жаралышына жана дүйнелүк кызматташтыкка Кыргызстандын активдуу катышуусуна демилге берет.



## *Интеллектуалдык менчиктин объектилерин коргоонун нормативдик-укуктук базасы*

1996-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентство (Кыргызпатент) интеллектуалдык менчикти коргоону укуктук жана нормативдик жактан камсыз кылуу иш-аракетин улантты.

Кыргыз Республикасынын Парламентинде төмөндөгүлөр каралып жатат:

- TRIPS келишиминин жоболорун эске алуу менен бүтүрө иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын Патенттик Мыйзамынын, "Товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлардын жаралган жерлеринин аталыштары жөнүндө Мыйзамдын", "Электрондук эсептөөчү машиналар жана маалыматтар базалары үчүн программаларды укуктук жактан коргоо жөнүндө Мыйзамдын", "Интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук жактан коргоо жөнүндө Мыйзамдын" долбоорлору;
- TRIPSтин, Берн Конвенциясынын жоболору эске алынып, ИМБДУнун моделдик мыйзамынын негизинде бүтүрө иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын "Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө" мыйзамынын долбоору.

1996-жьшы мартта автордук укуктарды коргоо боюнча агентствонун милдетин Кыргызпатентке өткөрүп берүүгө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1996-жылдын 24-июнундагы № 279 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентство (Кыргызпатенти) жөнүндө Жобо" кайрадан иштелип чыкты.

Автордук укукту жана чектеш укуктарды коргоо жагында укуктук мамилелерди жөнгө салуу үчүн "Кыргыз Республикасында автордук укукту жана чектеш укуктарды коргоо жөнүндө жаңы жобо" иштелип чыкты (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 24-февралындагы № 91 токтому менен бекитилген).

Кыргыз Республикасында фирмалык аталыштарды каттоо киргизилип жатат, ушуга байланыштуу 1996-жылы "Фирмалык аталыштар жөнүндө жобо" иштелип чыккан, бул жобо коммерциялык уюмдар (чарбалык шериктештиктер жана коомдор, мамлекеттик ишканалар, өндуруштук кооперативдер) жана алардын бирикмелери болуп саналышкан юридикалык тараптардын, ошондой эле ишкердик иш-аракет

менен алектенген жеке адамдардын фирмалык аталыштарын каттоону жөнгө салат. Жобо таламдаш ведомстволордун баары менен макулдашылган жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн кароосуна берилген.

Ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын өнөр жай менчигин коргоону камсыз кылуучу патенттик бөлүмчөсүнүн уюшулушунун жана иш-аракетинин негиздерин аныктоо, бул жагында Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн мыйзамдарынын нормаларын сактоо учун "Кыргыз Республикасынын ишканаларынын, мекемелеринин, уюмдарынын патенттик бөлүмчөсү жөнүндө болжолдуу жобо" иштелип чыккан. Ал юстиция министрлиги тарабынан 1996-жылдын 5-апрелинде катталган № 303.

СССРдин автордук күбөлүктөрү жана СССРдин күбөлүктөрү берилген тийиштуу ойлоп табуууларды жана өнөр жай үлгүлөрүн пайдаланууну тартипке салуу максатында "Ойлоп табууга СССРдин автордук күбөлүктөрү жана өнөр жай үлгүсүнө СССРдин күбөлүктөрү менен Кыргыз Республикасынын аймагында аракеттеги корголуучу ойлоп табууларды жана өнөр жай үлгүлөрүн пайдалануунун жана аларга автордук сый акы төлөп берүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан 1996-жылдын 22-ноябрында № 546 токтом кабыл алынган.

Кыргыз Республикасында рационалдык ишмердүүлүк жагында зарыл болгон укук мейкиндигин түзүү максатында Кыргызпатент тарабынан иштелип чыккан "Кыргыз Республикасында рационалдык ишмердүүлүк жөнүндө типтүү жобо" иштеп жатат.

Кыргызпатенттин ведомстволук ич-ара маселелерин чечүү жана анын бөлүмчөлөрүнүн ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн 1996-жыл ичинде ич-ара колдонуунун бир катар документтери иштелип чыгып, бекитилди.

- ойлоп табуунун баяндамасынын (жазмасынын) кийинки басылышы үчүн Кыргыз Республикасынын алдын ала патентине жана патентине коргоо документин берүүгө чечим чыккандан кийин өтүнмөгө ойлоп табуунун баяндамасына негизги талаптарды аныктоо учун, ошондой эле өтүнүүчүлөрдүн, эксперттердин жана редакциялык-басма бөлүмүнүн кызматкерлеринин ойлоп табуунун баяндамасын жарыялоого даярдык көрүү боюнча милдеттерин жөнгө салуу үчүн - "Жарыялоо үчүн корголуучу документтерге карата ойлоп табуунун же пайдалуу моделдин баяндамасын жазуунун тартиби" 1996-ж. 01.03, "Өнөр жай менчигинин объектилери

жөнүндөгү маалыматтарды жарыялоо үчүн өнөр жай менчигинин объектилери боюнча материалдарды даярдоонун убактылуу тартиби" 1996-ж. 01.03, "Кыргыз Республикасынын корголуучу документтерине карата ойлоп табуунун баяндамасын даярдоо боюнча инструкция" (убактылуу) 1996-ж. 06.09;

- өнөр жай үлгүсүнө Кыргыз Республикасынын алдын ала патентин жана патентин алууга өтүнмөнү мезгил-мезгили менен экспертизадан өткөрүүгө байланыштуу маселелерди ирээттештирүү үчүн "Өнөр жай үлгүсүнө өтүнмөлөрдү экспертизадан өткөрүүнүн методикасы".

Республиканын Парламенти кароодо жаткан Мыйзамдарды кабыл алуусу менен интеллектуалдык менчик объектилерин коргоо жана пайдалануу боюнча көп сандаган нормативдик документтерди иштеп чыгуу пландаштырылууда.

1996-жылдын 26-декабрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентствонун Апелляциялык кецеши тарабынан товардык белги боюнча биринчи талаш каралып чыккан, ошону менен Кыргызпатенттин Апелляциялык кецешинин ишаракети башталган.

***Өнөр жай объектилерин экспертизадан жана каттоодон өткөрүү***

1996-жылы Кыргызпатентке келип түшкөн өтүнмөлөр: ойлоп табууларга 142 өтүнмө, алардын ичинен 16 - чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен, 126 - РСТ процедурасынын улуттук фазасы боюнча келип түштү; мурдагы СССРдин ойлоп табууларга берилген патенттерин кайра каттоого 3 өтүнмө, товардык белгилерге 523 өтүнмө, алардын ичинен 455 чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен, товардык белгилерди эл аралык каттоо жөнүндө Мадрид макулдашуусу боюнча 1755 өтүнмө, пайдалуу моделдерге 8 өтүнмө, өнөр жай үлгүлөрүнө 7 өтүнмө, алардын ичинен 5 чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен келип түштү.

Өнөр жай обьектилери боюнча келип түшкөн жана реестрге киргизилген өтүнмөлөр тууралуу маалыматтар төмөндөгү таблицада берилет:

(

## *Ойлоп табуулар*

*Ойлоп табууларга карата келип түшкөн өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар*

| ***Көрсөткүчтүн аталышы*** | ***1996*** |
|---|---|
| Улуттук процедура боюнча келип түшкөн өтүнмөлөр-дүн бардыгы: | 142 |
| алардын ичинен:<br>улуттук өтүнмө ээлеринен | 126 |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | 16 |
| алардын арасында:<br>КМШ олкөлөрүндөгү өтүнмө ээлеринен | 5 |
| РСТ процедурасы боюнча улуттук фазага келип түшкөн | 126 |

**1996**



*Кайрадан каттоодон өткөрүү туурасында келип түшкөн өтүнмөлөр жөнүндө маалыматтар*

| ***Көрсөткүчтүн аталышы*** | ***1996*** |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын патентин тапшыруу жөнүндө келип түшкөн өтүнмөлөр, бардыгы: | 3 |
| СССРдин патенти боюнча | 3 |
| алардын ичинен: улуттук өтүнмө ээлеринен | - |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | 3 |

*Мамлекеттик Реестрде каттоодон өткөрүлгөн ойлоп табуулар жөнүндө маалыматтар*

| ***Көрсөткүчтүн аталышы*** | ***1996*** |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын мамлекеттик реестрине киргизилгени, бардыгы: | 125 |
| алардын ичинде: патенттер | 69 |
| алдын ала патенттер | 56 |

*Мамлекеттик Реестрге киргизилген ойлоп табууларды МПКнын бөлүмдөрү боюнча бөлүштүрүү*

| МПКнын бөлүмдөрү | 1996 |
|---|---|
| A | 35 |
| B | 13 |
| C | 41 |
| D | - |
| E | 11 |
| F | 13 |
| G | 7 |
| H | 5 |
| Б а р д ы г ы : | 125 |

1996




33%

*Мамлекеттик Реестрде катталган ойлоп табууларды өтүнмө ээлеринин мамлекеттери боюнча бөлүштүрүү*

| *Өлкө* | *Өлкөнүн коду* | *1996* |
|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | 51 |
| АКШ | US | 12 |
| Россия Федерациясы | RU | 12 |
| Япония | JP | 12 |
| Австрия | AT | 6 |
| Венгрия | HU | 6 |
| Швейцария | CH | 6 |
| Франция | FR | 5 |
| Германия | DE | 5 |
| Улуу Британия | GB | 4 |
| Италия | IT | 1 |
| Б а р д ы г ы : | | 125 |

**1996**



## *Товардык белгилер*

*Товардык белгилерди каттого келип түшкөн өтүнмөлөр тууралуу маалыматтар*

| *Көрсөткүчтүн аталышы* | *1996* |
|---|---|
| Улуттук процедуралар боюнча келип түшкөн өтүнмөлөр, бардыгы: | 523 |
| алардын ичинен:<br>улуттук өтүнмө ээлеринен | 68 |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | 455 |
| анын ичинде:<br>КМШ өлкөлөрүнүн өтүнмө ээлеринен | 8 |
| Мадрид келишими боюнча келип түшкөн өтүнмөлөр | 1755 |



*Мамлекеттик Реестрге киргизилген товардык белгилер жөнүндө маалыматтар*

| Көрсөткүчтүн аталышы | 1996 |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Реестрине киргизилген товардык белгилер, бардыгы: | 1075 |
| алардын ичинен: улуттук өтүнмө ээлеринен | 60 |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | 1015 |
| анын ичинде КМШ өлкөлөрүнүн өтүнмө ээлеринен | 15 |

*Мамлекеттик Реестрге киргизилген товардык белгилердин өлкөлөр боюнча маалыматтары*

| Өлкө | Өлкөнүн коду | 1996 |
|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | 60 |
| Америка | US | 395 |
| Англия | GB | 159 |
| Германия | DE | 133 |
| Япония | JP | 51 |
| Италия | IT | 33 |
| Нидерланды | NL | 28 |
| Венгрия | HU | 21 |
| Швейцария | CH | 21 |
| Словения | SI | 16 |
| Чили | CL | 13 |

| | | |
|---|---|---|
| Россия Федерациясы | RU | 12 |
| Бразилия | BR | 11 |
| Мексика | MX | 11 |
| Турция | TR | 10 |
| Франция | FR | 9 |
| Канада | CA | 8 |
| Чех Республикасы | CZ | 8 |
| Бельгия | BE | 6 |
| Багам аралдары | BS | 6 |
| Корея | KR | 6 |
| Швеция | SE | 5 |
| Финляндия | FI | 4 |
| Бермуд аралдары | BM | 4 |
| Сингапур | SG | 4 |
| Гонконг | HK | 4 |
| Жаңы Зеландия | NZ | 4 |
| Дания | DK | 3 |
| Индия | IN | 3 |
| Болгария | BG | 3 |
| Казакстан | KZ | 3 |
| Израиль | IL | 2 |
| Испания | ES | 2 |
| Шри-Ланка | LK | 2 |
| Филиппин | PH | 2 |
| Панама | PA | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| Австрия | AT | 1 |
| Ирландия | IE | 1 |
| Араб Эмираттары | AE | 1 |
| Лихтенштейн | LI | 1 |
| Колумбия | CO | 1 |
| Греция | GR | 1 |
| Норвегия | NO | 1 |
| Барбадос | BB | 1 |
| Куба | CU | 1 |
| Б а р д ы г ы : | | 1075 |



*Пайдалуу моделдер*

| ***Көрсөткүчтүн аталышы*** | ***1996*** |
|---|---|
| Улуттук процедура боюнча келип түшкөн өтүнмөлөр, бардыгы: | 8 |
| алардын ичинен: улуттук өтүнмө ээлеринен | 8 |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | - |
| улуттук процедура боюнча өткөрүлгөн экспертизалар | 5 |

*Өтүнмөлөрдү МПКнын класстары боюнча бөлүштүрүү*

| ***МПКнын бөлүмдөрү*** | ***1996*** |
|---|---|
| | |
| A | 2 |
| B | - |
| C | - |
| D | - |
| E | - |
| F | - |
| G | 4 |
| H | 1 |

Өнөр жай үлгүлөрү

| Көрсөткүчтүн аталышы | 1996 |
|---|---|
| Улуттук процедура боюнча келип түшкөн өтүнмөлөр, бардыгы: | 7 |
| алардын ичинен: улуттук өтүнмө ээлеринен | 2 |
| чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен | 5 |
| анын ичинде: КМШ өлкөлөрүнүн өтүнмө ээлеринен | - |
| улуттук процедура боюнча өткөрүлгөн экспертизалар | 5 |

*Өнөр жай үлгүлөрүнүн өтүнмө ээлеринин мамлекеттери боюнча бөлүштүрүлүшү*

| Өлкө | | 1996 |
|---|---|---|
| Кыргызстан | KG | 4 |
| АКШ | US | 1 |

## *Лицензиялык келишимдерди экспертизадан өткөрүү жана каттоо*

1996-жылы бөлүмгө келишимдерди каттоого 33 өтүнмө келип түшкөн. Алардын ичинен: келишимдерди каттоого 30 өтүнмө мамлекеттик каттоодон өттү, 3 өтүнмөнү карап чыгуудан баш тартылды.

Катталган келишимдердин ичинен:

- лицензиялык келишимдер, алардын ичинен:
- кыргызстандык өнөктөштөрдүн ортосунда ойлоп табууларды пайдаланууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө 3 лицензиялык келишим;
- чет өлкөлөк өнөктөштөрдүн ортосунда товардык белгилерди пайдаланууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө 2 келишим;
- кыргызстандык өнөктөштөр менен КМШдагы өнөктөштөрдүн ортосунда технологияларды пайдаланууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө 1 лицензиялык келишим;
- чет олколук өнөктөштөрдүн ортосунда патент боюнча ойлоп табууга укукту өткөрүп берүү жөнүндө 1 келишим.
- кыргыз өнөктөштөрдүн ортосунда илимий-техникалык продукцияны жаратууга 1 келишим;
- чет өлкөлүк өнөктөштөрдун ортосунда товардык белгилерге укукту ыйгарып беруу жөнүндө 22 келишим.

Каралып чыккан жана катталган келишимдер:

- юридикалык жактар ортосунда - 26 келишим;
- аралаш, башкача айтканда жеке адамдар менен юридикалык жактардын ортосунда - 4 келишим тузүлгөн.

1996-жылы бөлүм тарабынан иштелип чыккандар:

1. 1996-жылдын 16-апрелинде Кыргызпатент тарабынан бекитилген, "Интеллектуалдык менчиктин объектисине патентти же күбөлүктү ыйгаруу жөнүндөгү келишимдердин тизмесине жазмаларды киргизүүнүн тартиби тууралуу, интеллектуалдык менчиктин объектилерин пайдаланууга жана Мамлекеттик реестрлердин жана жарыялоолордун бөлүмдөрүндө маалыматтарды (информацияларды) өткөрүп берүүгө укук берүу жөнүндөгү келишимдердин инструкциясы".

2. Катталган (катталбаган) чыгармаларга өзгөчө укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө автордук келишимдерди каттоого; катталган (катталбаган) чыгармаларды пайдаланууга өзгөчө эмес укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө автордук лицензиялык келишимдерди каттоого; автордук (лицензиялык) келишимге өзгөртүү киргизүүгө арыздардынбланктары.

## *Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин каттоо*

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 4-мартындагы № 45 УП указын жана Кыргыз Республикасьшын Өкмөтүнүн 1996-жылдын 24- нюнундагы токтомун аткаруу иретинде Кыргызпатент тарабынан адабияттын, искусствонун жана илимдин чыгармаларын каттоо жүргүзүлдү.

Отчеттук мезгилдин ичинде адабияттын, искусствонун жана илимдин 12 чыгармалары катталган.

1997-жылдын 1-январындагы абал боюнча 1300дөн ашуун чыгарма катталган, анын ичинде 200ге жакыны чет өлкөлүк авторлорго таандык.

Эл алдында аткарылуучу адабият жана искусство чыгармаларын, алардын авторлорун эсепке алуу жүргүзүлүп, анын негизинде автордук гонорар төлөндү.

Адабият жана искусство чыгармаларынын эл алдында аткарылгандыгы жана башка түрдө пайдаланылгандыгы үчүн автордук сый акыны чогултуу, төлөө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1991-жылдьш 31-декабрындагы № 591 жана 1994-жыддын 18-июлундагы № 523 токтомдоруна ылайык Кыргазстандын музыкалык фондусуна үлүш бөлүү иштери Кыргызпатент тарабынан ишке ашырылды.

Автордук жана чектеш укуктар өкүлдүгүн алар менен байланыштуу авторлордун, укуктук мураскерлердин мыйзамдуу кызыкчылыктарын Кыргызпатент тарабынан ишке ашыруу максатында 17 театр-керме, концерт жана маданий-агартуу мекемелери менен автордук гонорарды чогултуу, ошондой эле интеллектуалдык менчикти пайдалануучу катары алардын бухгалтердик документтерин текшерүү боюнча иштер жүргүзүлдү. Потенциалдуу ушундай пайдалануучулардын 800 гө жакыны аныкталды.

Отчеттук мезгилдин ичинде Кыргызпатент тарабынан автордук укуктарды ЭЭМ үчүн программага, маалыматтар базаларына (МБ) жана интегралдык микросхемалардын топологияларына (ИМСТ) каттоо жумушу 1995-жылдын 14-мартында Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 1996-жылдьш 13-мартында катталган "Электрондук-эсептегич машиналар үчүн программаларды, маалыматтар базаларын жана интегралдык микросхемалардын топологияларын коргоо жөнүндөгү Убактылуу Жобого" ылайык ишке ашырылды.

Отчеттук мезгилде ЭЭМ үчүн программага 6 автордук укук катталды.

Отчеттук жылдын ичинде автордук укуктарды ЭЭМ, МБ жана ИМСТ үчүн программага, каттоо жумушу боюнча керек болгон нормативдик-маалымдама фондусун түзүү иши жүргүзүлдү.

## *Патент-маалымат ишмердүүлүгү*

Кыргызпатенттин патенттик-маалымдоо иш-аракети төмөндөгү багыттарды камтыйт:

- расмий патенттик бюллетендерди жана аларга жыйынтык көрсөтмөлөрдү чыгаруу;
- Кыргызпатенттин жылдык отчетун басып чыгаруу;
- ойлоп табуулардын толук баяндамаларын (жазмаларын) басып чыгаруу;
- интеллектуалдык менчикти коргоо жаатындагы нормативдик-укуктук документтердин кагазда жана машинада окулушун алып жүрүүчүлөрдө маалымат базаларын түзүү;
- жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк улуттук патенттик ведомстволор менен расмий басылмаларды өз ара алмашып туруу;
- Кыргызпатенттин кызматкерлерин маалымат менен камсыздап туруу;
- чет өлкөлөрдүн эл аралык уюмдары жана патенттик ведомстволору менен өз ара аракетте болуу;
- массалык маалымдоо органдары менен өз ара аракетте болуу;
- Кыргыз Республикасынын патенттик фондуларын комплектөө жана кошумча комплектөө;
- Кыргызпатенттин патенттик-маалымдоо фондуларын комплекгтөө;
- Кыргызпатенттин китепканасын патенттик жана башка атайын адабият менен комплекттөө.

Отчеттук 1996-жылы "Интеллектуалдык менчик" деген расмий бюллетендин төрт саны 200 нускадан басылып чыкты; буларда ойлоп табууларга патенттер жана алдын ала патенттерге 210 өтүнмө, товардык белгилерге 2100 өтүнмө, лицензиялык келишимдерге 30 өтүнмө жөнүндө маалымат жарыяланды.

1996-жылы келип түшкөн өтүнмөлөргө байланыштуу расмий бюллетенге "өнөр жай үлгүлөрү", "Пайдалуу моделдер", "Селекциялык жетишкендиктер" деген жаңы бөлүмдөр киргизилди.

Отчеттук жылда 141 баяндама (жазма) даярдалып жана жарыяланды.

Кыргызпатенттин 1993 - 95-жылдардагы иш-аракети жөнүндө жылдык отчет, патенттик маалыматтар боюнча статистикалык жана техникалык отчеттор жана товардык белгилер боюнча маалыматтар даярдалды жана жарык көрдү.

Расмий бюллетень менен жылдык отчет Кыргызпатенттин директору бекиткен милдеттүү түрдө жиберүү тизмеси боюнча таратьшат:

жазылуу боюнча — Кыргыз Республикасынын 9 ишканасына жана уюмуна; эл аралык алмашуу боюнча — чет өлкөлүк 42 патенттик ведомствого.

Ойлоп табуулардын жарыяланган баяндамалары менен пайдалануучуларды камсыз кылуу үчүн Кыргызпатент Республикалык илимий-техникалык китепкананын (РИТК) патенттик документтер бөлүмүнө, ошондой эле Кыргыз Улуттук Китепканасына 2 даанадан баяндаманы акысыз берип турат.

1996-жылдын башында Кыргызпатенттин китепканасы түзүлдү, анын фондусу интеллектуалдык менчиктин жана инновациялык ишмердиктин бардык аспектилери боюнча басылмалар менен комплекттелип турат.

Китепкана азыркы кезде көптөгөн өлкөлөрдүн илимий-методикалык журналдарын, патенттик-маалымат адабиятын, патенттик ведомстволордун жылдык отчетторун, ошондой эле жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн патенттик ведомстволорунун расмий басылмаларын алып турат.

Патенттик маалыматты адамдардын кеңири чөйрөсүнө жеткирүү максатында китепканада жаңы келип түшкөн басылмалардын көргөзмөсү дайыма иштейт.

Кыргызпатенттин патенттик-маалыматтык иш-аракетинде Интеллектуалдуу менчиктин бүткүл дүйнөлүк Уюмунун (ИМБДУ) патенттик маалымат боюнча Туруктуу Комитетинин Жумушчу топторунун сессиясынын ишине катышуу маанилүү орунду ээлейт. Кыргызпатенттин өкүлдөрү ИМБДУнун стандарттарын иштеп чыгууга жана кайра карап чыгууга (ревизиялоо) арналган Жумушчу топтун жалпы маалымат боюнча сессиясынын шпине (PCIPI/CI) катышьш келишти, бул болсо Кыргызпатенттин басылмаларында өзгөртүүлөрдү тез киргизүүгө мүмкүндүк берди.

Кыргызпатент тарабынан "Кыргызпатенттин Кабарлары: Интеллектуалдык менчик маселелери" деген жаңы илимий-популярдуу журнал уюштурулду, анын чыгарылышы 1997-жылдын экинчи жарымына белгиленген. Бул журналдын максаты — республикада жана чет өлкөлөрдө интеллектуалдык менчиктин проблемаларын ар тараптан баяндоо жана Кыргызпатенттин патенттик-маалымат иш-аракетине көмөктөшүү болуп саналат.

## *Автоматташтыруу жана компьютерлештирүү*

Кыргызпатент 1996-жылы ведомствону автоматташтырууда өзүнүн негизги кеңүлүн мурдагы түзүлгөн интеллектуалдык менчик объектилеринин маалыматтар базаларын автоматташтырылган башкаруу системаларын (СУБД), товардык белгилердин, ойлоп табуулардын жана пайдалуу моделдердин экспертизаларын, ошондой эле Мамреестрдин СУБД жана келүүчү, чыгуучу корреспонденцияларды эсепке алуучу СУБДни өркүндөтүүгө бурду. Ошондой эле жаңы программалык камсыздоону өздөштүрүү иши улантылды.

Персоналдык компьютерлер паркы (КГ1) 19дан 32ге чейин өстү, алар ведомствонун бир рангалуу локалдык түйүнүнө Windows NT сервердин башкаруусуна бириктирилди. Башка техникалардын саны, - принтерлер 22ден 27ге, сканерлер 2ден 6га, көчүрмөлөөчү аппараттар 7ден 14кө, модемдер 2ден 4кө чейин өстү. Жумшалган каражаттарды сактап калуу максатында ведомствонун түзүлүшүнүн алгачкы этабында Pentium моделдерине чейин алынган жабдуулардын айрым бөлүгүнө модерндештирүү жүргүзүлдү.

Интернетке мүмкүндүк алынды, электрондук почта системасы пайдаланылып жатат.

Лицензиялар бөлүмү, авторлорду эсепке алуу жана чыгармаларды каттоо бөлүмү, инспектордук бөлүм, автордук гонорарларды эсептөө, фирмалык аталыштар бөлүмү, китепкана сыяктуу Кыргызпатенттин калган бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгүн башкаруунун автоматташтырьшган системасын түзүү боюнча иштер жүргүзүлө башталды.

Эл аралык алмашуу менен келген CD-ROM дискаларын пайдалануу боюнча техникалык тейлөө камсыз болууда.

Келечекте ведомствонун басылмалары чөгөрүлгөн оптикалык дискаларды чыгаруу пландаштырылып жатат.

## *"Табылга" патенттик-маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн инновациялык борбору*

"Табылга" патенттик-маалымат кызмат көрсөтүүлөрдүн инновациялык борбору (мындан ары - Борбор) 1996-жылы май айында түзүлгөн. 1996-жылы 20-июнунда Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде № 2195 менен катталган.

Борбордун иш-аракети интеллектуалдык менчиктин объектисин коргоо жагында таламдаш юридикалык жактарга жана жеке адамдарга консультацияларды жана тейлөөлөрдү көрсөтүүдө турат, атап айтканда, ойлоп табууларга, өнөр жай үлгүлөрүнө суратылуучу коргоо документтерине жана товардык белгилерге, пайдалуу моделдерге күбөлүккө өтүнмө документтерди тууралоо маселелери боюнча консультацияларды, ошондой эле лицензиялык келишимдерди түзүү боюнча жана патенттер менен лицензиялардын наркын баалоо боюнча тейлөөлөрдү, полиграфиялык тейлөөлөрдү көрсөтүүлөрдө турат.

Борбордо интеллектуалдык менчикти коргоо жаатындагы квалификациялуу 10 адис иштейт.

Жыл бою Борбор төмөндөгү натыйжаларга жетишти: бардыгы 95 консультация өттү жана кызмат көрсөтүлдү. Заказ боюнча 4 темада патенттик изилдөө жүргүзүлдү, техникалык чечмелеелердүн 4 жазмасы түзүлдү: етүнме боюнча ойлоп табууш 2, пай- далуу моделдерге 2. внер жай менчигинин объектилеринин жазмаларын корректирлее боюнча жана ойлоп табуулардын формулаларыш түзүү боюнча керсетүлген тейлее - бардыгы 3. Товардык белгилерди каттоого етүнме документтер тууралангань - 8. 6 па- тенттин наркгык баалоосу еткерүлдү. Баалоонун максаты - менчиктештирүү жана бухгалтердик эсепке (учетко) коюу. Патент ээлеринин заказдары боюнча маркетингдик изилдее жүргүзүлдү. Кыргыз Мамлекеттик медицина Академиясы менен бирге "Кызматтык ойлоп табуу" деген темада семинар уюштурулуп, еткерүлдү. "Интеллектуалдык менчиктин объектилерин баалоо боюнча убактылуу методикалык керсетмелер", интеллектуалдык менчиктин объектилерин инвентаризациялоо боюнча жана интеллектуалдык менчиктин объектилерин материалдык эмес активдерге кошуу- нун тартиби боюнча нормативдик документтердин долбоорлору иштелип чыкты. Кыргыз Республикасыньш улутгук статистикалык комитетинин 1996-жылдын 15- майындагы № 20 токтомуна ылайык жүргүзүлүүчү "внер жай менчигинин объектилерин пайдалануу женүнде отчет" деген № 4-НТ ведомсгволук статистикалык отчетгуулук (тизме) кайта калыбьша келтирилди. Маалымат чогултуунун алкагында Кыргыз Республикасыньш аймагында ишканалардьш инновациялык иш-аракетин ачьш керсетүү боюнча менчиктин бардык формаларыньш 405 ендүрүштүк ишканасьг менен иш жүргүзүлдү.

## *Эл аралык кызматташтык.*
## *Өнөр жай менчиги боюнча адистерди даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу*

Эл аралык кызматташтык жаатында Кыргызпатенттин иш-аракети эл аралык жана регаоналдык уюмдар, башка өлкөлөрдүн патенттик ведометволору менен эки тараптуу жана көп тараптуу байланыштарды андан ары өнүктүрүүгө жана тереңдетүүгө багытталган.

1996-жылы 28 - 29-майда Кыргызпатент өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун коргоо боюнча эл аралык Бирлик (UPOV) менен бирдикте дүйнөлүк практикада селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо маселелери боюнча улуттук семинар өткөрдү, ал эми ошол эле жылы 11 - 16-ноябрда Интеллектуалдык Менчиктин Бүткүл Дүйнөлүк Уюму (ИМБДУ) жана Япониянын Айыл чарба, токойчулук жана балыкчылык министрлиги менен бирдикте, Швейцариядан (UPOV), Ирландиядан, Япониядан жана КМШ өлкөлөрүнөн өкүлдөр катышкан "UPOV Конвенциясына ылайык өсүмдүктөрдүн сортторун коргоо" деген тема боюнча эл аралык семинар өткөрдү.

1996-жылы 11 июндан 12-июнга чейинки мезгилде Алматы шаарында Кыргызстандын делегациясы Өнөр жай менчигин коргоо боюнча Эл аралык кеңештин 7-заседаниесинин ишине катышты.

Евразиялык патенттик конвенциянын (ЕАПК) алкагында Кыргызпатенттин өкүлдөрү (1996-жылы 13 - 14-июнда) Алматы шаарында Евразиялык Патенттик уюмдун (ЕАПУ) Административдик кеңешинин 3-заседаниесинин ишине катышты.

1996-жылы Кыргызпатенттин өкүлдөрү ИМБДУнун колдоосу астында өткөн бир кыйла маанилүү иш чараларга катышышты:

- Белгилерди эл аралык тартипте каттоо боюнча Мадрид Союзунун Ассамблеясынын чукул чакырылган сессиясына (1996-жылы 15 - 18-январда);
- административдик жана юридикалык маселелер боюнча РСТ Комитетинин алтынчы сессиясына (1996-жылы 29-апрель - 3-майда);
- Жалпыга белгилүү белгилер боюнча Эксперттер комитетинин экинчи сессиясына (1996-жылы 28 - 31-октябрда);
- Өнөр жай менчиги жаатында маалыматтар боюнча Турукгуу Комитеттин Аткаруучу Координациялык Комитетинин (PCIPI/EXEC) 19-сессиясына

жана Пландаштыруу боюнча Жумушчу тобунун (PCIPI/MI) 19-сессиясына (1996-жылы 25 - 29-ноябрда).

Жылы бою Кыргызпатент өнөр жай менчигин коргоо жагында көптөгөн эл аралык конференцияларга, семинарларга, симпозиумдарга активдүү катышты:

- Москва жана С.-Петербург шаарларында 1996-жылы 4 - 7-июнда өткөн "Азыркы этаптагы патенттик маалымдоо" темасындагы илимий-практикалык конференцияга;
- "Францияда интеллектуалдык менчикти коргоо жана коммерциялаштыруу" семинарына (1996-жылы 10 - 17-октябрда);
- Францияда интеллектуалдык менчик жаатындагы стажировкага (1996-жылы 14 - 15-октябрда);
- ИМБДУ менен Чех Республикасынын өнөр жай менчик ведомствосунун биргелешип уюштурушкан Прага шаарындагы өнөр жай менчигинин Мыйзамдарын үйрөнүү жана изилдөө боюнча семинарга (1996-жылы 16 - 17-окгябрда);
- Италиянын Турин шаарында жыл сайын өтүүчү EPIDOS Конференциясына (1996-жылы 16 - 18-октябрда);
- "Патенттер жана товардык белгилерди бөрүүдөгү административдик процедуралар" деген Женевадагы жана Гаагадагы семинарга (1996-жылы 11 - 22-ноябрда).

Кыргызпатент отчеттук жылда ICON жана TACIS программаларынын алкагында Европалык патенттик ведомство (ЕПВ) менен активдүү кызматташып келди.

ЕПВ ICONдун долбооруна ылайык 1996-жылы Кыргызпатенттин кызматкерлери үчүн англис тилинин жигердүү курсу боюнча өз ордунда окуутуну уюштурду, ошол эле долбоор боюнча Кыргызпатенттин өкүлү Франциядагы Виши шаарында француз тилин CAVILAM өркүндөтүү боюнча курстарга катышып, сертификат алып келди (1996-жыл 1-октябрь - 31-декабрда).

Ошондой эле Кыргызпатенттин кызматкерлери ICONдун алкагында ЕПВ уюштурган КМШ өлкөлөрүнүн да патенттик ведомстволору менен өткөргөн курстарына, семинарларына жана симпозиумдарына активдүү катышышканын да белгилей кетүү зарыл:

- Гаагада жана Мюнхенде КМШ өлкөлөрүнүн Патенттик ведомстволорунун жетекчилеринин визит-окуусуна (1996-жылы 8 - 18-февралда);

- Гаагадагы "Патенттик Классификация жана документтештирүү" семинарына (1996-жылы 19 – 23-февралда);
- Түркмөнстандын Патенттик ведомствосу менен бирдикте ЕПВнин Ашхабадда уюштурган патенттик лицензиялоо боюнча симпозиумуна жана семинарына (1996-жылы 2 - 8-майда);
- Юристтер үчүн Лондондогу "Өнөр жай менчигинин укуктарын колдонуу" семинарына (1996-жылы 10 - 11-июнда);
- Гаагадагы "Патенттик маалымат жана издөө боюнча CD-ROM технологиясын колдонуу" курсундагы окууга (1996-жылы 1 - 5-июлда);
- Өзбекстан патенттик ведомствосу менен кызматташтыкта ЕПВнин Ташкентте уюштурган "Патенттик формуланы түзүү боюнча" семинарга (1996-жылы 16 - 20-сентябрда).

1996-жылы бир эле мезгилде ведомстволор аралык жана өкмөттөр аралык жаңы макулдашуулар өткөрүлдү.

1996-жылдын 24-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин расмий визити учурунда Ташкент шаарында өнөр жай менчигин коргоо жагында кызматташтык жөнүндө Өзбекстан Республикасы менен өкмөт аралык макулдашууга кол коюлган.

Кыргыз Республикасы 1996-жылдын 3-декабрында ИМБДУга анын Өнөр жай менчигин маалымдоо боюнча Туруктуу Комитеттинин Аткаруучу Координациялык Комитетине (PCIPI/EXEC) ушул Комитеттин ишине катышууну каалагандыгын билдирип, өзүнүн бул уюмга кирүүсү жөнүндө декларация жиберген жана ошол учурдан тартып ИМБДУнун 1996-жылдын 12-декабрындагы ырастоосуна ылайык Аткаруучу Координациялык Комитеттин мүчөсү болуп саналат.

Көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде Кыргызпатент ошондой эле патенттик маалыматтарды алмашуу жаатында чет өлкөлөрдүн, регионалдык уюмдардын жана ИМБДУнун патенттик ведомстволору менен кызматташтыкты күчөтүп жана өнүктүрүп келди.

1996-жылы негизги көңүл интеллектуалдык менчик жагында кадрларды даярдоо маселесине бурулду. Республиканын өз ичинде, КМШ өлкөлөрүндө жана алыскы чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн семинарлар менен курстарда кызматкерлердин стажировкага активдүү катышуулары буга ачык далил болуп саналат.

Көптөгөн адистер интеллектуалдык менчик жаатында экинчи жогорку билимге ээ болуу максатын көздөп университеттер менен институттардын тийиштүү сырттан окуу факультеттеринде окууну улантып жатышат.

1996-жылы Россиянин Москвадагы интеллектуалдык менчик институтун Кыргызпатенттин үч кызматкери сырттан окуп бүтүшүп, интеллектуалдык менчик жагында жогорку билимдин дипломун алышты. Азыркы кезде Францияда, CEIPI жана башка өлкөлөрдө өнөр жай менчигин окуп-үйрөнүү борборунда узак мөөнөттүү курстарда өнөр жай менчиги жаатында кызматкерлерди окутуу үчүн база даярдалып жатат.



Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаевдин илимдин, билимдин жана өндүрүштүн өкүлдөрү менен аларга Кыргыз Республикасынын биринчи коргоо документтерин тапшыруу учурунда жолугушуусу Бишкек ш, Өкмөт уйу, 28 сентябрь 1996-ж.

Встреча Президента Кыргызской Республики А. Акаева с представителями науки, образования и производства по случаю вручения им первых охранных документов Кыргызской Республики

г. Бишкек, Дом Правительства, 28 сентября 1996 г.

